**“Бекитемин”**

А.Мырсабеков атындагы Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун ректору, п.и.д., профессор Ь.Зулуев

____________________________

«___» ________________ 2019-ж.

**Жетектөөчү мекеменин изденүүчү Шамканова Гульмира Джылкычиевнанын «Мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине берилген**

## БҮТҮМҮ

**1. Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин көлөмү – 169 бет, таблицанын саны – 14, сүрөттөр – 6, тиркеме – 3, пайдаланылган булактардын саны – 189.

**2. Диссертациянын мазмунунун адистикке дал келиши.**

Шамканова Гульмира Джылкычиевнанын «Мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык шарттары (3-5 жаштын мисалында)» - деген темадагы кандидаттык диссертациясынын мазмуну негизинен диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Диссертациялык иште 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортунун илимий талаптарына туура келген, жооп берген жана мектепке чейнки балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү менен өстүрүүнүн педагогикалык шарттарын талдоого, иштеп чыгууга байланыштуу изилдөө жүргүзүлгөн. Диссертациялык жумуш кесиптик орто жана жогорку окуу жайларынын мектепке чейинки билим берүү адистигинин талаптарына толук жооп берет.

**3. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**.

Диссертант дене тарбиянын, жалпы педагогиканын, психофизиологиянын жана филология илиминин теориялык, илимий

методикалык жана илимий практикалык көйгөйлөрүн жана маселелерин камтыган илимий адабияттарды окуп талдап чыгуу менен учурдагы жыл сайын сүйлөөсү кечеңдеп жаткан балдардын санынын өсүүсүн азайтуу, алардын сөз байлыгынын жетишээрлик деңгээлге жетпей жаткандыгынан мимика, жест аркылуу гана оюн билдирип жатышын илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгынын негизинде жоюу, чечүү үчүн жана дене тарбия көнүгүүлөрүнүн, өзгөчө кол манжаларынын кыймыл-аракеттерин, оюндарын колдонуу менен балдардын кеп маданиятын калыптандыруу жолдорун иштеп чыгуу максатында өзүнүн диссертациялык изилдөөсүнүн актуалдуулугун туура аныктай алган.

**4. Диссертациялык изилдөөнүн максаты**: мектепке чейинки куракта кепти өнүктүрүүнүн каражаты катары дене тарбия көнүгүүлөрүн пайдалануну педагогикалык шарттарын аныктоо жана теориялык-практикалык жактан негиздөө.

**Коюлган максатты ишке ашыруу үчүн диссертацияда төмөнкүдөй милдеттер ишке ашырылган:**

1. Мектепке чейинки балдардын кеп маданиятынын дене тарбия көнүгүүлөрү менен өнүктүрүүнүн теориялык жана дидактикалык негиздери изилденген.

2. 3-5 жаштагы балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу өнүктүрүүнүн моделин, методдорун жана педагогикалык шарттары аныкталган.

3. Сунушталган моделдин, педагогикалык шарттардын жана методдорун натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү менен методикалык сунуштар иштелип чыгылган.

**5. Диссертациянын илимий натыйжалары.** Диссертациялык иште төмөндөгүдөй жаңы илимий жыйынтыктар жана коргоого коюлуучу негизги илимий жоболор теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн негизинде алынып берилген:

*1-натыйжа*. Мектеп жашына чейинки балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү менен калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн теориялык жана дидактикалык негиздерин педагогикалык, психологиялык, филологиялык, психофизиологиялык изилдөөлөрдүн алкагында аныкталган жыйынтыктар, эксперименталдык жол менен негизделген илимий-методикалык жана илимий практикалык корутундулар жана сунуштар түзөт.

*2-натыйжа*. Мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялоо процессинде кол манжаларынын катышуусундагы дене тарбиялык көнүгүүлөрдү колдонуу, ыргакты, майда кыймылды жана мануалдык координациялангандыкты өнүктүрүү, алардын тыбыштык маданиятын

калыптандыруу процессии интенсивдештирүүгө алып келет.

*3-натыйжа.* Мектепке чейинки курактагы (3-5 жаш) балдардын кеп маданиятын ыргактык жана жалпы дене көнүгүүлөрүнүн жардамы менен өнүктүрүү максаттуу, мазмундуу-технологиялык, процессуалдык-таасирдүү, натыйжалуу, бири-бири менен тыгыз байланышкан методдордон турган өнүктүрүү моделин колдонуу дене тарбиясы жана кепти өнүктүрүү маселелерин биргеликте чечүүнү максат кылып койгон педагогдордун жана ата-энелердин бир багыттуу иш-аракеттерин жөнгө салат.

*4-натыйжа.* 3-5 жаштагы балдардын тыбыштык кеп маданиятын өнүктүрүү үчүн жалпы дене тарбия көнүгүүлөрүн, манжа, кыймылдуу жана дидактикалык оюндарды тарбия берүү процессинин алкагында жалпы тарбия берүү каражаттары менен бирдикте комплекстүү колдонуу жогорку натыйжалуу болот.

**6. Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Г.Ж.Шамканованын кандидаттык диссертациясынын практикалык баалуулугу, анын илимий жыйынтыктарынын, жоболорунун, практикалык кеңештеринин илимий-теориялык жана илимий-практикалык изилдөөлөрдүн негизинде жүргүзүлгөндүгүндө жана педагогикалык эксперименттин натыйжасында аныкталып берилгендигинде. Ошондой эле мектепке чейинки курактагы балдардын кеп маданиятын интенсивдүү түрдө өстүрүүнүн моделинин, практикалык жолдорунун, педагогикалык шарттарынын иштелип чыгарылышында жана мектепке чейинки билим берүүчү уюмдардын тарбия берүү процессине киргизилишинде болуп эсептелет.

**Г.Дж. Шамканованын диссертациялык ишинин материалдарын колдонуу төмөнкүлөргө жол ачат:**

– темага байланыштуу илимий иштерди теориялык жактан талдоону байытууга;

– изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан «Мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу окуу куралы мектепке чейинки мекемелердеги билим берүү процессин өркүндөтүүгө;

– мектепке чейинки мекемелерде иштеген тарбиячылардын кесипке багыттап билим берүүдөгү тажрыйбасын арттырууга;

– болочок мектепке чейинки мекемелерде тарбия берүү багытындагы адистердин кесипкөйлүүлүгүн арттырууга.

**Диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыгында төмөндөгүдөй оң натыйжалар алынган:**

а) диссертациялык изилдөөдө коюлган проблема боюнча психолого-педагогикалык, методикалык адабияттарды жана диссертациялык изилдөөлөрдү анализдеп, мектепке чейинки баланын кыймыл-аракет ыргактын өнүгүшү менен кеп маданиятынынын ортосундагы байланыштар аныкталган;

б) 3-5 жаштагы балдардын кеп маданиятынын, акыл-эс өнүгүшүн жана кол кыймылынын-аракетинин өнүгүүсүнүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары конкреттештештирилген. Изденүүчү сунуш кылган үлгүлөр, көнүгүүлөр системасы боюнча колдонуу мүмкүнчүлүктөрү жана теориялык практикалык абалы аныктаган.

в) мектепке чейинки баланын кеп маданиятын калыптандыруунун жалпы педагогикалык шарттары белгиленип, андан тышкары беш педагогикалык шарт аныкталып, аны ишке ашыруу технологиялары иштелип чыккан. Ошону менен бирге модели түзүлүп, теориялык жактан негизделип, ыкмалары талданган.

**7. Диссертациянын натыйжаларынын апробацияланышы.** Каралган диссертациянын материалдары боюнча 12 илимий макала (анын ичинде 4 макала чет өлкөдө) республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндама катарында окулуп, илимий журналдарда жарык көргөн.

**8. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.** Шамканова Гульмира Джылкычиевнанын “Мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык шарттары (3-5 жаштын мисалында)” аттуу диссертациясын жалпы педагогикага, билим берүүгө жана дене тарбиянын теориясы менен методикасына байланыштуу илимий көйгөйлөрдү психо-нейрофизиологиялык илимий жыйынтыктардын негизинде изилдеп чыгууга багытталган илимий эмгек деп кароого болот. Изилдөөнүн негизги бөлүктөрүнүн мазмуну бири-бири менен логикалык тыгыз байланышта болуп, изилдөөнүн максатына жана милдеттерин илимий негизде чечүүгө багытталып берилген. Жалпысынан диссертациялык иште көтөрүлгөн маселелердин изилдениши, чечилиши жана жыйынтыктардын алынуусу педагогика илиминин жана дене тарбиянын теориясын, практикасын, методикасын жаңы илимий жаңылыктар менен толуктаган баалуу эмгек катары караса болот. Алынган корутундулар, практикалык сунуштар теориялык жана методологиялык жоболор түрүндө таризделген, алар изденүүчүнүн педагогика илимине кошкон жеке салымын көрсөтөт.

Изденүүчү мектеп жашына чейинки балдарды психофизиолгиялык жактан өнүгүүсүндөгү интеграцияланган ишмердүүлүктүн маанисин ачып берген. Дене тарбия маселелерин кепти өнүктүрүү маселелери менен биргеликте чечүүнүн зарылдыгын, ал үчүн кыймылдын негизги түрлөрүн (басуу, чуркоо, бийиктикке чыгуу-түшүү, секирүү, ыргытуу) үйрөтүүнү, жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү, кыймылдуу оюндарды, дидактикалык оюндарды кептик ишмердүүлүк (тыбыштарды туура айтуу, сөз байлыгын арттыруу, грамматикалык жактан туура сүйлөө, сабатка ачуу) менен интеграциялоо аркылуу уюштуруп, эксперименталдык иштер аркылуу тастыктай алган.

**9. Диссертациянын айрым кемчиликтерин оңдоп-түздөө боюнча сунуштар.**

1. Диссертациянын темасы боюнча кыргыз тилиндеги илимий изилдөөлөр терең иликтенеген эмес.
2. Диссертацияда “мектепке чейинки билим берүүчү жайлар”, “бала бакчалар” деп берилген, аны мамлекеттик стандартка ылайык “мектепке чейинки билим берүү уюмдары” деп так аталышын жазуу керек.
3. Ошондой эле айрым бир орфографиялык кемчиликтер, адабияттардын тизмегинде механикалык мүчүлүштүктөр кездешет.

Бирок бул мүчүлүштүктөр диссертациялык жумуштун деңгээлин түшүрбөйт.

**Бүтүм**

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча Шамканова Гульмира Джылкычиевнанын “Мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык шарттары (3-5 жаштын мисалында)” деген темадагы кандидаттык диссертациясы толук изилденип бүткөн педагогика тармагында илимий практикалык маанилүүлүккө ээ жана КРнын Жогорку Аттестациялык Комиссиянын талаптарына жооп берет, ал эми анын автору Шамканова Гульмира Джылкычиевна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары **А**.Мырсабеков атындагы Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун педагогика жана жекече усулдар кафедрасынын семинарында талкууланды жана жактырылды, 2019-жылдын 10-октябрындагы №2-протоколу.

Педагогика жана жекече усулдар
кафедрасынын башчысы, п.и.к., доцент: И.Даминова

Катчы, окутуучу: Г.Досматова

И. Даминованын жана Досматованын колдорун тастыктайм
Кд башч.: ... А.Б.